| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кенешинин II-чакырылышынын I-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №1/4**

2024-жылдын 27-ноябры — Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Куйручук айылында жайгашкан "Жумгал-Алтынай" бала бакчасынын имаратына кошумча курулуш кошуу боюнча долбоорду дем берүүчү грантка сунуштоо жөнүндө.**

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан КР Финансы министрлиги тарабынан каржылануучу дем берүүчү грантка Куйручук айылында жайгашкан "Жумгал-Алтынай" бала бакчасынын имаратына кошумча курулуш кошуу боюнча долбоорду сунуштоо жөнүндө Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айылдык кенеши,**токтом кылат:**

1. КР Финансы министрлиги тарабынан каржылануучу дем берүүчү грантка Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Куйручук айылында жайгашкан "Жумгал-Алтынай" бала бакчасынын имаратына кошумча курулуш боюнча долбоор сунушталсын;

2. Жогорудагы долбоордун өздүк салым катары коюлган 517764 (беш жүз он жети мин жети жүз алтымыш төрт) сом акча каражаты Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы үнөмдөлгөн акча каражатынан бөлүнүп берилсин;

3. Аталган болбоорду өз убагында дайындап тиешелүү иш кагаздарын бүткөрүп, долбоорду сунуштоо жагы Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**